**Программанын пайдалуулугу:**

- Ар бир магистрант менен жекече иштөө;
- Компьютердик технологияны жана чет тилин тереңдетип окутуу;
- Өндүрүштөн четтетилбестен окууну улантуу;
- Жаңы адистикти алуу;
- Контракты төлөөнүн ийкемдүү системасы;
- Жаңы окуу усулдарын пайдалануу менен сабак өтүү;
- Изилдөө ишин аспирантурада улантууга мүмкүндүк алуу
- Карьералык өсүү;
- Эл аралык магистердик программаларга катышууга жана чет өлкөдө окууга мүмкүнчүлүк алуу

**Биздин окуп жаткан магистранттар жана бүтүрүүчүлөр**

Жогорку категориядагы адистер;
Жогорку кызматтарда иштей ала турган адистер;
Алдынкы технологияны пайдалана билген адистер;
Ар түрдүү эл аралык проекттер менен иштей ала турган адистер;
Өзүнүн кесиптик деңгээлин жана карьерасын жогорулатууну каалаган адистер;

**Финансылык база:**
**2025-2026-окуу жылына окуу төлөмү**

| № | Багыттардын аталышы | Теңдөөчү | Күндүзгү | Сырттан |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Педагогика | 36000 | 46000 | 42000 |
| 2 | Менеджмент | 36000 | 46000 | 42000 |
| 3 | Филологиялык билим берүү | 36000 | 43000 | 42000 |
| 4 | Физика-математикалык билим берүү | 36000 | 43000 | 42000 |

Магистратура бөлүмүндө акыркы 5 жылда 744 магистрант магистердик диссертацияларын ийгиликтүү жактап чыгышты;

**Келечектеги иш пландар**

- Илимий практикалык конференцияларга магистранттарды катыштыруу;
- Окутуучуларды конкурстук негизде тандап алууну калыптандыруу;

- Магистранттар үчүн группалык тренингдерди өтүү;
- Магистратуранын иш жүргүзүү процессин жана окутуучулардын магистранттарды окутуу ишин балоо максатында магистранттардан анкета алуу үчүн анкеталык баракчаларды даярдоо;
- Илимий изилдөө жана илимий педагогикалык практикалар үчүн күндөлүктөрдү басмаканадан чыгаруу;
- Магистранттарды чет өлкөлөрдөн стажировкадан өткөрүү: ЭрасмусМундус программасы боюнча, Вайенштефан (Германия) университетинин магистратурасында, Туркия мамлекетинин университеттеринде;
- Методикалык жана лекциондук фондду толуктоо;
- Магистратуранын материалдык-техникалык базасын жакшыртуу: электрондук жана китеп фондусун калыптандыруу; мультимедиялык жана компьютердик техникалар менен жабдуу;
- Башка жогорку окуу жайлардын магистратуралары менен байланыш түзүп тажрыйба алмашуу;
- Нарын областындагы жумуш берүүчү тараптар менен тегерек стол уюштуруу;
- Магистратуранын алкагында илимий практикалык конференцияларды өткөрүү;
- Эл аралык стратегиялык кызматташууну магистратуранын багыттары боюнча өнүктүрүү, магистранттардын илимий изилдөө иштерине талап кылуучу тараптарды табуу;

**Маалыматтык жана уюштуруучулук иштер**

- Магистратура бөлүмүндө ар бир адистик жана багыттар боюнча буклеттер иштелип чыгып мекемелерге, ошондой эле кабыл алуу боюнча социалдык тармактарга жарнама  жылына берилип турат;
- Магистранттар практикаларын өтүү үчүн мектеп, бала бакчалар жана мекемелер менен келишим түзүлгөн.
- Ар бир адистик жана багыт боюнча окуутуучулар жана тапшырган магистранттардын дайын-дарегинин базасы түзүлөт;
- Магистранттардын окуу көрсөткүчтөрү боюнча анализ жүргүзүлөт;
- Магистранттар менен системалуу түрдө чогулуштар өтүлүп турат.